**Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети жана Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Ч. Айтматов атындагы Тил жана адабият институтуна караштуу филология илимдеринин кандидаты (доктору) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча түзүлгөн Д 10.24.700 диссертациялык кеңеш Б.Т.Апышованын “Кыргыз тилиндеги саясат таануу терминдери” деген темада 10.02.01 – кыргыз тили адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазган диссертациялык ишине эксперттик комиссиянын мүчөсүнүн**

## КОРУТУНДУСУ

**1. Диссертациялык кеңеште корголо турган кандидаттык иштин адистикке тиешелүүлүгү. Апышова Базаргүл Токтосуновна “Кыргыз тилиндеги саясат таануу терминдери”** аттуу кандидаттык иши диссертациялык кеңештин багытына, ал эми изилдөө ишинин мазмуну, концептуалдык негизи 10.02.01 – кыргыз тили адистигине дал келет.

**2. Изилдөөнүн максаты** – кыргыз тилинин байыркы, орто кылымдардагы, Октябрь революциясына чейинки жана эгемендүүлүк жылдарындагы саясий терминдерди семантикалык жактан сыпаттоо максатын көздөйт.

Мына ушул максатты жүзөгө ашыруу үчүн төмөнкүдөй **милдеттерди** аткаруу жагы алдыга коюлган:

- саясий терминдерди жыйноо жана системалаштыруу;
- ар бир доорго мүнөздүү саясий терминдердин тематикалык топторун түзүү;
- саясий терминдердин лексика-семантикалык топторунун өзөгүн, борборун жана перифериясын аныктоо;
- саясий терминдердин генетикалык, тарыхый пласттарын тактоо;
- саясий терминдердин лексикалык бирдиктеринин семантикасын ачуу;

КЫРНАЦУНИВЕРСИТЕТ
ВХОДЯЩИЙ № 10-24-70
«12» 02 2025 ж.г.

**Диссертациянын изилдөө объектисинин диссертациянын максаттарына жана милдеттерине ылайык келиши:**

**1-жыйынтык.** Саясий терминдерди жыйноо жана системалаштыруу үчүн аталган багытта илимий-иштерин жүргүзүшкөн окумуштуулардын ой-пикирлери сын коз караштары иликтөөгө алынган. Алардын илимий эмгектерине таянуу менен байыркы, орто кылымдардагы жана совет дооруна чейинки кыргыз тилиндеги  саясий терминдер изилденген (1.1, 1.2, 1.3.).

**2-жыйынтык.** Ар бир доорго мүнөздүү саясий терминдердин тематикалык топтору түзүлүп, алардын лексика-семантикалык өзгөчөлүктөрү анализге алынган (3.1, 3.2, 3.3, 3.4.).

**3-жыйынтык.** Саясий терминдердин лексика-семантикалык топторунун өзөгүн, борборун жана перифериясын аныктоодо коомдук-тарыхый шартка жараша коомдук-саясий лексиканын тутумунда өзгөрүүлөр болуп турарын баса белгилеп, лексикадагы жаңылануулары 1) жалпы алтай; 2) жалпы түрк; 3) өздөштүрүлгөн терминдер деп 3 топко бөлүп, талдоого алган (3.4.1.).

**4-жыйынтык.** Саясий терминдердин генетикалык, тарыхый пласттарын тактоодо кабыл алынган коомдук-саясий терминдерге тарыхый-генетикалык мүнөздөмө берилген (1.2.2, 1.2.3.).

**5-жыйынтык.** Коомдук-саясий терминдердин лексика-семантикалык, морфологиялык, синтаксистик (аналитикалык) жолдор менен жаралышы, алардын моделдери иликтенип, саясий лексика тематикалык топторго бөлүштүрүлүп талдоого алынган (3.1, 3.2, 3.3, 3.4.).

**Диссертациялык иштин актуалдуулугу**. Байыркы доорлордо, орто кылымдарда жана Октябрь революциясына чейинки мезгилдеги мамлекеттик жана коомдук түзүлүштөрдүн формалары, мамлекеттик бийлик субъекттеринин аталыштары (номендер) саясий лексика, терминдер, номендер жазма эстеликтерде жана тарыхчылардын эмгектеринде чаржайыт жашоосун улантууда. Ушундан улам аталган **теманын актуалдуулугу**

**төмөнкү** объективдүү, субъективдүү жана лингвистикалык факторлор менен шартталары аныкталган:

1) байыркы, орто кылымдардагы жана совет дооруна чейинки кыргыз тилиндеги саясий терминдердин изилденбегендиги;

2) азыркы кыргыз тилинин саясий дүйнөнү чагылдырган лексика-семантикалык топторунун өзгөчөлүктөрүн ачуунун жана сыпаттоонун зарылдыгы;

3) кыргыз тили жана кыргыз улуттук саясий аң-сезими үчүн гана эмес, мамлекетти эффективдүү башкарууга зарыл мамлекеттик башкаруу лексикалык системасынын маанилүүлүгү;

4) эгемендик жылдардагы саясий тил менен мамлекеттик бийлик терминологиясынын иликтенбеген.

**3. Илимий натыйжалар.**

**3.1. Иштин диссертациялык изилдөөлөргө коюлуучу талаптарга жооп бере турган жаңылыгы катары төмөнкүдөй концептуалдуу маселелерди эсептөөгө болот:** Алгачкы жолу кыргыз тилинин байыркы, орто кылымдардагы, Октябрь революциясына чейинки жана эгемендүүлүк жылдарындагы саясий терминдердин диахрондук жана синхрондук аспектте семантикалык жактан изилдениши, тилдин аталган тез өзгөрүлмө катмарынын ар кыл доорлордогу өтмө катарлыгын, мыйзам ченемдүүлүктөрүн ачуу жана анын тематикалык топторун далилдөөдө чыгарылган жыйынтыктары изилдөө ишине коюлууган талаптарга жооп бере турган жаңылыгын түзөт.

**3.2. Илимий натыйжалардын ишенимдүүлүгү**

**1-натыйжалар.** Кыргыз тилинин саясий терминдери өз өнүгүүсүндө жалпы элдик тилдин алкагында табигый жол аркылуу өзүнчө катмар катары калыптангандыгы аныкталды.

**2-натыйжалар.** Коомдогу саясий-экономикалык факторлор саясий терминдердин жалпы курамын, анын компоненттерин шарттайт.

**3-натыйжалар.** Ар бир доордо саясий терминдердин тематикалык топтору түзүлүп, алар өзөк, борбор жана перифериядан турары далилденген.

**4-натыйжалар.** Кыргыз тилинин саясий терминдери ички (метафора, метонимия, синекдоха) жана сырткы (монгол, орус, араб, фарсы, англис, немис, француз ж.б.) булактардын негизинде өнүгүп отурары аныкталган.

**5- натыйжалар.** Саясий терминдер эгемендик жылдары коомдогу саясий көрүнүштөрдү белгилүү даражада так чагылдырат.

**6-натыйжалар.** Мамлекеттик түзүлүш//башкаруу системасын туюндурган саясий терминдер калыптануу процессин башынан өткөргөндүгү белгилүү деп жыйынтыкталган.

**3.3. Иштин теориялык баалуулугу.** Изилдөөгө алынган Кыргыз тилинин байыркы, орто кылымдардагы, Октябрь революциясына чейинки жана эгемендүүлүк жылдардагы саясий лексикасы жана терминологиясы боюнча топтолгон материалдар кыргыз тил илиминин лексикографиялык базасын кеңейтет жана анын натыйжалары терминологиялык сөздүктөрдү түзүүгө таяныч болот. Изилдөөдөгү материалдар жана теориялык жоболор түрк тилдериндеги лексика-семантикалык жылыштарды да салыштырып изилдөөгө баалуу материал болуп бере алат. Чогултулган материалдар жана изилдөөнүн натыйжалары саясий лексика, терминдер саясат таануу жана филология жаатында лекция окууда, практикалык сабак өтүүдө кецири пайдаланууга баалуу материал болуп берет.

**3. 4. Квалификациялык белгилерге дал келиши.**

1.Диссертациянын жыйынтыктарынын мүнөзү.

1.2.Илимий чөйрөсүнө жана темасына жараша өлкөнүн экономикасы үчүн олуттуу мааниге ээ илимий жактан жацы негизделген техникалык, экономикалык же техникалык иштеп чыгууларды түшүндүрүү.

2. Диссертациянын жыйынтыктарынын жаңычылык деңгээли.

2.1.Жыйынтыктары жаңы деп эсептелет.

3. Диссертациянын жыйынтыктарынын баалуулугу.

3.2. Жогору.

4. Диссертациянын темасынын пландуу изилдөөлөр менен байланышы.

4.2.Тема тармактык программага, илимдер академиясынын же мекеменин тематикалык планына кирет.

5. Прикладдык мааниси бар диссертациянын жыйынтыктарын пайдалануу деңгээли.

5.3. Тармактын масштабында.

6. Прикладдык мааниси бар диссертациянын жыйынтыктарын кеңири пайдалануу боюнча сунуштар.

6.1. Кеңири пайдаланууну талап кылат.

**4. Алынган жыйынтыктардын практикалык мааниси.**

Изилдөө ишинен алынган корутунду пикирлер, тыянак-натыйжалар, теориялык материалдар жана негизги жоболор саясий лексика, терминдер боюнча сөздүк түзүүдө, саясат таануу жана филология жаатында лекция окууда, практикалык сабак өтүүдө, саясий багыттагы официалдуу, официалдуу эмес иш кагаздарын жүргүзүүдө кеңири пайдаланууга болот.

**5. Диссертациянын негизги жоболору, натыйжалары жана корутундуларынын жарыяланышы, тастыкталышы.**

Изилдөөнүн жыйынтыктары Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиясынын талабына жооп берген, индекстелген системага кирген, баллы жогорку көрсөткүчтөгү журналдарда жарык көргөн. Алар төмөнкүлөр:

1. **Апышова Б. Т.** Публицистикада коомдук-саясий лексиканын колдонулушу [Текст]/ Б.Т. Апышова// Известия ВУЗов Кыргызстана. - Бишкек, 2015. - №6. -172-174-бб. https://www.elibrary.ru/query_results.asp/

2. **Апышова Б. Т.** Саясий терминдердин синтаксистик калька аркылуу которулушу [Текст]/ Б.Т. Апышова// Ош мамлекеттик университетинин Жарчысы. - Ош, 2015. №4 – 3-чыгарылыш. -72-75-бб.

3. **Апышова Б. Т.** Кыскартылган саясий терминдердин колдонушу [Текст]/ Б.Т. Апышова// Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. - Бишкек, 2016. – №11. –187-188-бб.

4. **Апышова Б. Т.** Лингвистикада терминдердин изилдениши [Текст]/ Б.Т. Апышева// Ош МУнун Жарчысы. - Ош, 2021. htt://www.oshsu.kg

5. **Апышова Б. Т.** Саясий терминдердин ички жана сырткы булактын негизинде пайда болушу [Текст]/ Б.Т. Апышова// Известия КГТУ им. И.Раззакова. - Бишкек, 2022. №3 (63). – 257-262-бб. https://kstu.kg/fileadmin/user_upload/izvestija_kgtu

6. **Апышова Б. Т.** Кыргыз Республикасынын Конституциясында колдонулган айрым саясий терминдер (Конституциянын жана мыйзамдын негизинде) [Текст]/ Б.Т. Апышова// Вестник КРСУ. - Бишкек, 2023. -№10, том 23. – 64-68-бб.

7. **Апышова Б. Т.** Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларында саясий терминдердин колдонулушу («Тоолор кулаганда» романынын мисалында) [Текст]/ Б.Т. Апышова// Өзбекстан Республикасы, Андижан (Анд. мамл. пед. инс), 2023. -123-131-бб.

8. **Апышова, Б. Т.** Некоторые политические термины в турецском и кыргызском языках в древних и средних веках [Текст]/ Б.Т. Апышова// Российская Федерация. Республика Ингушетия. 2023. №6. 6-9-стр. Lingua-universum https://www.elibrary.ru/contents.asptitleid=53601

9. **Апышова Б. Т.** Публицистикада кыскартылган саясий терминдердин колдонулушу [Текст]/ Б.Т. Апышова// Вестник КРСУ. 2024. №24, Т.6. – 64-67-бб.

10. **Апышова Б. Т.** Мамлекеттик бийлик бутактарында кездешкен терминдер жана номендер [Текст]/ Б.Т. Апышова// Endless Light in Science. – Нур-Султан, 2024. – № 51. – 139-144-бб.

**6. Автореферattын диссертациянын мазмунуна дал келиши.**

Автореферат толугу менен диссертациянын мазмунуна, анда коюлган изилдөөнүн максаттарына жана милдеттерине, жүргүзүлгөн изилдөөлөргө, алынган жыйынтыктарга дал келет. Автореферattын кыргыз, орус, англис тилдеринде резюмеси бар.

**7. Диссертациялык иштин мазмунунда байкалган айрым кемчиликтер.**

1. Диссертациялык иштин мазмунунда алынган терминдердин түшүндүрмөсү кыргызча, орусча эки тилде аралаш берилген. Терминдердин түшүндүрмөсүн кыргыз тилинде жазылышын сунуш кылар элем. Мисалы: 89-бетте ***битигчи*** "писарь" жана "катчы" деп эки тилде берилген, ***диван*** (кацелярия башчысы); ***йасаул*** (чогулуштарда, церемонияларда тартип сакчысы); ***"эл"*** 1) племенной союз, племенная организация; 2) народ; 3) государство, административная единица ж.б. деп кездешет.

2. Терминдердин маанисин конкреттүү түшүндүрүш үчүн так котормосун же түшүндүрмөсүн берүү зарыл деп ойлойбуз. Мисалы, *йасаул* (чогулуштарда, церемонияларда тартип сакчысы) деп берген. Түшүндүрмө сөздүктөрдө *жасоол* акимдердин, улуктардын, болуштардын чабарманы. Аларды жандап, жүрүүчү, коргоочу, кайтаруучу адам деп берилет.

3. Эски коомдук саясий түзүлүшкө байланыштуу бир топ мисалдар 19-кылымдын белгилүү өкүлү Молдо Нияз акындын чыгармаларында да орун алган. Алардан мисалдарды келтирсе дагы жакшы болмок.

4. Экинчи бап методдордун аныктамаларын берүү менен чектелип калган. Алардын ар бирине диссертациялык иштин мазмунунда талдоого алынган конкреттүү мисалдарды берүү керек.

5. 1-баптын 50, 51, 52-беттеринде ойлор кайталанып калган.

6. 30-бетте 1-баптын 2-параграфынын аягындагы сүйлөм толук аягына чыкпай, ой жыйынтыкталбай калган.

7. Иште стилдик, орфографиялык, пунктуациялык, бир нече каталар орун алган.

Бирок жогоруда белгиленген айрым бир мүчүлүштүктөр бул кандидаттык диссертациялык изилдөөнүн жалпы мазмунуна, концепциясына кедергисин тийгизе албайт.

**8. Апышова Базаргүл Токтосуновнанын диссертациялык ишине сунушталган жетектөөчү мекеме жана расмий оппоненттер.**

**Жетектөөчү мекеме:** Апышова Базаргүл Токтосуновнанын “Кыргыз тилиндеги саясат таануу терминдери” деген темада 10.02.01 - кыргыз тили адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишине жетектөөчү мекеме катары К. Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университетинин кыргыз тили жана адабияты кафедрасы сунушталат (722200, Каракол шаары, Ж. Абдрахманов көчөсү, 103).

**Расмий оппоненттер:**

**1. Акынбекова Айман Усенбаевна –** филология илимдеринин доктору, доцент.

**Эмгектери:**

1. Молдо Нияздын чыгармаларындагы тилдик өзгөчөлүктөр. Бишкек 2011
2. Кыргыз тили (ЖРТга даярдоо үчүн окуу куралы). -Бишкек 2013.
3. Тесттер жыйнагы (ЖРТга даярдоо үчүн окуу куралы). -Бишкек 2017.
4. Чагатай-кыргыз-осмон тилдеринин кыскача сөздүгү (түзүүчү). -Бишкек 2019.
5. Чагатай тилиндеги кыргыз тили менен биримдикти түзгөн сөздөр // Материалы конференции – Духовный мир народов Башкортостана и России. -УФА, 19 декабря 2019 года. -С. 21-24. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=41881298
6. Морфологические диалектизмы в произведении Молдо Нияза «Санат дигарасттар» [// Бюллетень науки и практики. – 2020. Т. 6. -№2. -С. 334-340. https://www.elibrary.ru/item.asp?id =42441023
7. Общности суффиксов, образующих от глаголов именные части речи в кыргызском и чагатайском языках // Бюллетень науки и практики. -2020. Т. 6. -№2. -С. 341-346.

**2. Хурибаева Элмира Гайдаровна –** филология илимдеринин кандидаты, доц.м.а., К.Ш.Токтомаматов атындагы Эл аралык

университетинин эл аралык мамилелер жана жалпы теориялык сабактар кафедрасынын башчысы

**Эмгектери:**

1. Х. Карасаевдин «Камус наама» («Манас» эпосу боюнча) сөздүгүндогү дан өсүмдүктөрүнө байланыштуу терминдерге этимологиялык сереп. Ошский технологический университет им. акад. М.М. Адышева ISSN: 1694-660Х.

2.Х. Карасаевдин «Камус наама» («Манас» эпосу боюнча) сөздүгүндөгү багбанчылыкка байланыштуу атоолорго этимологиялык иликтөө. Известия вузов Кыргызстана Республиканский научно-теоретический журнал №1, 2022 - Бишкек, 2022. 238-240-б.

3.«Названия злаков и продуктов питания из них в тюркских языках» // Актуальные проблемы диалектологии языков народов России, ИИЯЛ Уфинмский федеральный исследователский центр РАН, -УФА, 2022. 351-353-б.

4.Названия орудий земледелия в лексике кыргызского языка. Актуальные проблемы диалектологии языков народов России, ИИЯЛ Уфинмский федеральный исследователский центр РАН, -УФА, 2022. 348-351-б.

5.The Evolution of Agricultural Vocabulary: From Traditional Terms to Modern Terms (Lexical Changes in Agricultural Practice with the Development of Technology). VIII. International Applied Social Sciences Congress - (C-IASOS – 2024) Peja –Kosovo, 2024.

**Диссертациянын Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиянын окумуштуулук даражаларды ыйгаруу боюнча жобосуна дал келиши.**

Жыйынтыктап айтканда, **Апышова Базаргүл Токтосуновнанын “Кыргыз тилиндеги саясат таануу терминдери”** аттуу темадагы диссертациялык иши Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык

комиссиясынын кандидаттык диссертацияларга коюлуучу талаптарына толук жооп берет.

Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети жана Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Ч. Айтматов атындагы Тил жана адабият институтуна караштуу филология илимдеринин кандидаты (доктору) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча түзүлгөн Д 10.24.700 диссертациялык кеңеште кандидаттык диссертацияны 10.02.01 – кыргыз тили адистиги боюнча талкууга кабыл алууга сунушталат.

Эксперттик комиссиянын мүчөсү,
филология илимдеринин доктору,
Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук
университетинин кыргыз тил илими
кафедрасынын профессору А.У.Акынбекова
12.02.25-жыл.

Эксперттик комиссиянын мүчөсүнүн колун тастыктайм:
Окумуштуу катчы,
филология илимдеринин дорктору С.К.Каратаева

Окумуштуу катчынын колун тастыктайм
КБнын башчысы А.Жайнакова